ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 397.7; 941.1 (575.2) (043.3) DOI:10.35803/1694-5298.2022.2.349-354

**ЖАЛИЕВА Б.С., АСИПБАЕВА М.Б., ЧОДОЛДОЕВА Г.Ж.**
[1]КНУ им.Ж.Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**JALIEVA B.S., ASIPBAEVA M.B., CHODOLDOEVA G.J.**
[1]KNU named after Zh. Balasagyn, Bishkek, Republic of Kyrgyzstan
bjalieva@mail.ru asipbaeba72@mail.ru

# КЫРГЫЗ-ТУВА ЭЛДЕРИНИН ТАРЫХЫЙ ЖАНА МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ПРОБЛЕМЫ ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНЫХ СВЯЗЕЙ КЫРГЫЗОВ И ТУВИНЦЕВ

# PROBLEMS OF HISTORICAL AND CULTURAL RELATIONS OF KYRGYZ AND TUVANS

*Бул макалада кыргыздардын тувалыктар менен этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштарын чагылдырган салттуу чарбасындагы, материалдык маданиятындагы жана этникалык-маданий тарыхындагы байланыштары каралды.*

***Өзөк сөздөр:*** *этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштар, салттуу чарба, кыргыздар, тувалар, параллелдер.*

*В данной статье рассматриваются отношения кыргызов с тувинцами в традиционном хозяйстве, материальной культуре и этнокультурной истории, отражающие этногенетические и историко-культурные связи.*

***Ключевые слова:*** *этногенетические и историко-культурные связи, традиционное хозяйство, киргизы, тувинцы, параллели.*

*This article discusses the relationship of the Kyrgyz with the Tuvans in the traditional economy, material culture and ethno-cultural history, reflecting ethno-genetic and historical-cultural ties.*

***Key words****: ethnogenetic and historical-cultural ties, traditional economy, Kirghiz, Tuvans, parallels.*

Жаратылыш шарттарына ылайык Тувада бир нече кылымдар бою үч негизги чарбалык-маданий тип калыптанат: 1. көчмөн малчылар, 2. Чыгыш Тува аймагын ээлеген мергенчи-бугу багуучулар, 3. Тува аймагынын тоолуу тайгалуу талаа зонасында жашаган көчмөн жана жарым көчмөн мергенчи–малчылар. Биринчи чарбалык маданий типке тиешелүү көчмөн малчылар - Туванын эң көп территориясын ээлеген тоолуу-талаа зонасында жайлаган көчмөн малчылар болгон. Алар адабияттарда батыш тувалыктар деп аталып, XIX к. акыры - XX к. башындагы маалыматтарга караганда тува калкынын 95% түзгөн. Алардын чарбачылыгы жайыттуу мал чарбачылык менен негизделип, сезондук «вертикалдуу» көчүп жүрүшкөн. Негизги турак жайы катары керегелүү кийиз үйлөр болгон. Кийим кечелерин үй жаныбарларынын терисинен, кийизден жана алып келинген кездемелерден тигишкен. Мына ушул чарбалык-маданий өзгөчөлүктөр Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия тоолуу-талаа аймагында жашаган монгол, бурят, кыргыз, жана хакас элдерине да таандык [7. 229-230-бб ].

Түштүк Сибирь аймагы «Азиянын борбору» деп аталары шексиз, тактап айтканда кээ бир маалыматтар боюнча Азиянын борбору Туванын түндүк-чыгышынан агып келген Бин-Хем жана Түштүк Тува тараптан агып түшкөн Каа-Хем суулары кошулуп Энесай дарыясын жараткан куйманын оң жээги эсептелет. Бул жер Тува тарыхында байыркы

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

мезгилдерде «Белчир» деп аталып, ушул Белчирден эки дарыя кошулуп, улуу Эне... дарыясы жаралат [12. 144-б, 21. 4-5-бб.]. Азыркы мезгилде тувалыктар өзүн-өзү «тыва» же «тыва кижи» деп аташат. Тува эли жөнүндө алгачкы маалыматтар Кытайдын Суй жана Тан династияларынын жылнаамаларында «дубо», «тубо», «тупо» деген формада жолугуп, булар Энесайдын жогорку агымында жашаган уруулар деп эскерилет [15. 3-б.].

Азыркы Тува аймагы да кыргыз эли эл болуп калыптанган аймакка кирери илимде аныкталган. Ошондуктан кыргыз-тува тарыхый жана маданий байланыштарын иликтеп, тактоо кыргызтаануудагы негизги маселелердин бири.

Кыргыз-тува тарыхый, маданий байланыштары жөнүндө айрым гана изилдөөлөр белгилүү. Алгачкы ирет кыргызтаанууда кыргыз этнографы, профессор И.Б.Молдобаевдин «Манас» эпосунун материалдарынын жана өзү жыйнаган фольклордук маалыматтардын негизинде кыргыз-тува этникалык-маданий байланыштарын кененирээк чагылдырган. Кыргыз-тува этникалык-маданий байланыштары боюнча профессор О.К.Каратаев да өз эмгегинде толук токтолот. Ошондой эле С.М.Абрамзон, С.В.Вайнштейн, Л.П.Потапов, В.И.Дулов, В.П.Сердобов, Е.В.Сулайманова ж.б. өз эмгектеринде учкай кайрылып өтүшкөн.

IX к. кыргыздар Уйгур каганатын кулаткандан кийин азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын курамына кирип калат. Кыргыздар Туванын аймагында жашаган уруулардын материалдык жана руханий маданиятына чоң таасирин тийгизишкен. Кыргыз-тува элдеринин өз ара тарыхый, этникалык-маданий жалпылыктары кыргыздардын башкаруу доорунда калыптанган. С.И.Вайнштейндин ою боюнча Кыргыз мамлекети кулагандан кийин, Туваны басып алган кыргыздардын бир бөлүгү бул аймакта жашап кала беришкен жана тува элинин этногенезине катышышкан [3. 13-б.].

Ошондой эле Тува аймагында кенен тараган көп сандуу, «кыргыс»[5. 121-б.] уруктары, фамилиялары да кыргыздардын көп кылымдар бою үстөмдүк кылган саясий бийлигине далил боло алат. «Кыргыс» - Тува аймагында кенен тараган фамилия катары белгилүү экендиги жана Тувадагы кыргыз уруулары көп сандуу болгондугу окумуштуулар тарабынан далилденген [8. 181-б., 22. 113-б.].

X к. кыргыз каганы мамлекеттин саясий борборун Тувага көчүрүп келген. Бул жаңы орунга көчүрүү кыргыздардын жайгашуусуна өз таасирин тийгизген. Кыргыздардын Туванын аймагында узак убакыт болгондугун эпиграфикалык табылгалар, тамгалар, суугат системалары ж.б. күбө боло алат. IX-X кылымдаргага таандык кыргыз эстеликтери негизинен Туванын аймагына топтолуп, Эне-Сай бассейниндеги байыркы кыргыз жазуу-эстеликтеринин да көп бөлүгү Туванын аймагынан табылганы маалым [1. 121-б.].

Орто кылымдагы орхон-энесайлык рун жазуулары жана анда камтылган ошол мезгилдердеги жашаган элдер тууралуу маалыматтар дүйнөлүк цивилизациянын эң олуттуу өрнөгү, тарыхый мурасы [13.32-б.] болуп саналат деп тарыхчы-окумуштуулар белгилеп кеткендей, Энесай кыргыздарынын тарыхы боюнча Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин мааниси чоң. Бул эстеликтер VII-XII кк. таандык болуп Монголия, Түштүк Сибирь (Тува, Тоолуу Алтай, Якутиянын түндүгү), Кыргызстандын Талас өрөөнүнөн табылганы маалым. Жазууларда VIII к. башындагы тарыхый окуялар жөнүндө айтылган. Мында Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн түрктөрдүн кыргыздар менен болгон салгылаштары эскерилет. Мисалы, 710-711-жж. кышында Саян ак кар, көк муз ашуусун ашып, кыргыздарга болгон түрктөрдүн жортуулу жөнүндөгү маалыматтар бар. Бул эскерүүлөрдө Борбордук Азияга, Теңир-Тоого, Кытайга, Тибетке, Жети-Сууга чейин даңкы чыккан Энесай кыргыздарынын каганы Барс бек тууралуу аз болсо да биографиялык кабарлар камтылган.

Ошентип, кыргыздар Туванын аймагындагы мал чарбачылыктын, дыйканчылыктын, металлургиялык өндүрүштүн өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизишкен. Алтын, күмүш, коргошун өндүрүү жогорку деңгээлде өнүгүп, курал-жарактардын үлгүлөрүн жасоо жаңы баскычтарга көтөрүлгөн. Ал эми кыргыз аскер көчмөндөрү сугат

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жерлерди өздөштүрүп, дыйканчылыктын жаңы маданиятын алып келишкен. Г.Е.Грум-Гржимайло бул боюнча мынтип жазган: «кыргыздар жер иштетүү менен жакшы тааныш болуп, буудай, арпа, таруу өстүрүшкөн. Кытайлар кыргыздар кол тегирмен эле колдонушкан деп жазат, бирок Улуг-Кем аймагынан диаметри 1 метрден ашкан таш жарнак табылган, аны иштетүү үчүн аттын же суу күчүн колдонуу керек эле. Илик-Кем жана Темир-Суку дарыяларынан кыргыздардын гидротехникалык курулуштары даана көрүнүп турат…» [4. 177-б.]. Тува аймагындагы байыркы суугат каналдарынын курулушу IX-XII кк. таандык. Бул мезгилдердеги көрүстөн үстүндөгү таштарда «аныз» (талаа), «тарлаг» (эгин талаа) деген сөздөр көп кездешет [14. 118-б.]. Ошондой эле кыргыздар темирден жасалган ороктору, соколорду колдонуп, кыргыз усталары ат жабдыктарын кооздоо үчүн жогорку чеберчиликти талап кылган жасалгаларды куюшкан. Ошондой эле Тува аймагындагы археологиялык табылгалардан «кыргыз вазалары» деп аталган атактуу кооз карапа буюмдары бизге белгилүү [11. 576-589-бб.].

Азыркы мезгилге чейин тувалыктар кыргыз эли жөнүндө ар кандай уламыштарды айтып жүрүшөт. И.Б.Молдобаев Туванын Сут-Холң районунан жазып алган уламышында кыргыз эли жөнүндө мындайча айтылат: «Кыргыз эли Чынгыз-хандын басып алууларына чейин Саян тоолорунда жана Улуг-Хем дарыясынын бассейнинде, бир бөлүгү Монголияда жашашкан. Кыргыздардын акыркы ханы ушул Сут-Холң районунун аймагында турган. Бул жерден эски шаардын калдыктары табылып, тува тилинде ал шаар Шивее делип, ал эми жергиликтүү эл ал шаарды Бажын-Алаак деп аташкан. Уламыш боюнча кыргыз хандары Тува аймагында 360 жыл бийлик кылышкан. Кыргыздардын акыркы ханы тынчтыкты сүйгөн хан болгондуктан, анын ставкасын «тынчтык чеби» деп аташкан экен. Чынгыз-хан басып кире баштаганда кыргыз ханы басып алуучуларды ак-боз аттар, үйрөтүлгөн бүркүт ж.б. белек-бечкектер менен тосуп алып, өз эрки менен багынып берген. Элдин айтымы боюнча ошол убакта кыргыздар монголдордон күчтүү келип, каршылык көрсөтө алмак экен. Бирок кыргыз ханы койдун далы сөөгү менен төлгө салып, баары бир Чынгыз-хан кыргыздарды акыры басып алаарын көрүп, бекер кан төгүлбөс үчүн өз эрки менен жеңилип берген делет. Кийин кыргыздар Тувадан азыркы Кыргызстандын аймагына кетип калышкан. Болжолу 300 жыл мурда кыргыздардын калган бөлүгү жана тувалыктар жунгарлар тарабынан Түндүк Монголияга сүрүлүп кетет»[17. 143-б.].

И.Б.Молдобаевдин пикири боюнча уламыштагы маалыматтар чындыкка жакын. Себеби бул уламышты тува информатору ламалардан угуп жазып алынгандыгын айтат. Ал эми ламалык адабияттар тарыхый-этнографиялык маалыматтарга бай экендиги бизге маалым. Ошондой эле Тува аймагында уйгурлардын башкаруу мезгилинде 15 шаар болгону белгилүү, алардын эң ириси Бажын-Алаак болгон. Тува тилинде бул шаарлардын баары «бажын» деп аталган [18. 43-44-бб.]. Ошондуктан окумуштуунун тыянагы боюнча бул уламыштын чындыкка жакындыгы этнографиялык маалыматтар менен далилденет.

Кыргыз-тува тарыхый-маданий байланыштарын алардын уруулук эн тамгалардагы жапылыктар да аныктаары шексиз. Бул боюнча О.К.Каратаевдин [9. 87-94-бб., 8. 183-185-бб.] эмгектеринде кеңири баяндалган.

Кыргыздардын тарыхын жана маданиятын изилдөөдө кыргыз-тува аралыкты, убакытты, узундукту салттык өлчөө бирдиктериндеги жалпылыктар чоң мааниге ээ. Мисалы, тува тилинде бир күн, бир түн (конуп келүү) – «хонук» деп аталат; бир күн – хүн, бир түн – дүн, эртең менен – эртен, түш – дүш, кеч – кеже деп аталат. Кыргызча «бир чай кайнам убакыт» - туваларда «шай хайындырым» деп бөлүнөт.

Тувалардын «бир хүндүк» деп бөлгөнү 25-30 чакырымды түзөт, 50-60 чакырым – «эки хүндүк» же «бир ара хонуп чедер чер» (кырг. «бир конуп жетчү жер»), жарым күндүк жол – тув. «дүштүк чер», бир чакырым жер – тув. «бир кышкы чер» (700-900 м.), ок жетчү аралык – тув. «боо азымы» (80-100 м.) ж.б. Ошондой эле анчалык чоң эмес узундук өлчөмдөрүнөн төмөнкүлөрдү мисал келтирүүгө болот: базым – бир кадам (же бир басым жер), кулаш – кулач, төш чарты - жарым кулач, узун дугай – бир чыканак, карыш - карыш,

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

сөөм - сөөмөй, бир мугур сөөм – бир сөөм ж.б.[3. 142-143-бб.]. Л.П.Потапов тувалыктардын узундукту ченөөдөгү элдик өлчөмдөрү кыргыздардыкы менен өтө окшош экендигин белгилеп өткөн [20. 8-б.].

Тувада төмөнкүдөй кийимди тигүүдө ченөөнүн салттык өлчөмдөрү сакталган: «хере кулаш» – оң колду жана сол бутту кергендеги узундук (кыргыздарда - кулач), «хере карыш» – керилген баш бармак менен ортондун ортосундагы аралык (кыргыздарда - карыш), «узун сом» – керилген баш бармак менен сөөмөйдүн ортосундагы аралык (кыргыздарда - сөөм), могур сом – керилген баш бармак менен бүгүлгөн сөөмөйдүн ортосундагы аралык (кыргыздарда - жарым сөөм), улуг – сөөмөйдүн кеңдиги (кыргыздарда – эни же эли) [6. 241-б.].

Аянттардын өлчөмүнө байланышкан төмөнкүдөй салттык өлчөмдөр белгилүү: тув. адыш оюу – алакандай жер, от орну – очоктой орун, өг орну – үйдөй орун, аал коданы – айыл батчу жер ж.б. [3. 143-б.]. Ал эми суюк заттар ар түрдүү көлөмдөгү идиш-аяктар менен өлчөнүлгөн. Ошондуктан, идиш-аяктар өзүнүн көлөмүнө карата бөлүнгөн. Мисалы, пиче аяк ишти, аяк ишти, улуг аяк ишти, тавак ишти, чылапча баш ж.б. Пиче көгержик – көлөмү 3 литр идиш, көгөр (кырг.көөкөр) – көлөмү 20-25 литрлик идиш. Ал эми эгин (буудай, тарую ж.б.) салмагы менен эмес, көлөмү (чейрек, кодак) менен өлчөнүлгөн. Дарыядагы ж.б. жерлердеги суунун тереңдиги токулган аттын, адамдын боюнун деңгээлине карата аныкталган. Мисалы, туюк каразы частыр – кырг. туякка жетчү суу, эзенги чедип турар – кырг. үзөңгүгө жеткен суу ж.б. [19. 309-б.].

Демек, жогорудагы кыргыздар менен тувалыктардын аралыкты, убакытты, узундукту, аянтты ченөөдөгү байыртадан колдонулуп келинген салттык өлчөмдөрүндөгү жалпылыктар кыргыз-тува терең тарыхый-маданий жалпылыгына далил боло алаары шексиз.

Кыргыз-тува этникалык жалпылыктары боюнча төмөнкүдөй параллелдерди мисал келтирүүгө болот: кыргыз - кыргыс, мунгуш - монгуш, аркалык (мунгуш) - аргалык, кара сакал (баргы, дөөлөс, саяк) - карасал, олет (саруу) - олет, сарттар (адигине) - сат, оң канат - оңдар, сол канат - сол чак, тагай (геноним) - тагай, баарын - бараан, чот (басыз) - чооду, тубай (саруу) - туба, туума кашка (саруу) - тума, туума тукум (найман) - тума, кесек - кезек, сарык (нойгут) - сарыг, төлөн (солто) - толан, жети уруу (кытай, саруу) - чети тончак, дөөлөс -түлүш, адыг түлүш - адигине, балыкчы (саруу) - балыкчы, кузгун тобу (сарттар) - хускун, кабели (кыпчак) - ховалыг, дөрбөн улуу (тынымсейит), кара багыш - хара, куу уул (геноним) - хуулар, төрдөш (кытай) - тодөш, уйгур (мунгуш) - уйгур, мангыт (мунгуш) - мунгат, шыгай (геноним) - шагай, баят (тейит) - баяут, кереит (дөөлөс) - хиренд, каратал (геноним) - хара тал ж.б. [16. 207-215-б., 10. 96-103-бб.].

Кыргыз жана тува элдери (Батыш Тува) жаратылыш шартына ылайык дээрлик окшош көчмөнчүлүк жана жарым көчмөнчүлүк шартта жашап, байыркы көчмөндөрдүн мураскорлору катары көчмөн малчылардын чарба жүргүзүү системасын сактап калышкан. Бул системага кирген үй жаныбарларын жашына карата атоо көчмөн малчыларда байыртадан бери туруктуу сакталып келет. Бул жөнүндө энциклопедист Махмуд Кашгари өз сөздүгүндө «Айрым малдын жаш өзгөчөлүгүнө жараша ар кыл аталыш менен белгилениши ошол доордогу түрктөрдүн мал чарбасындагы лексикалык кору бай болгондугун гана айгинелейт» деп белгилеп өткөн [24. 273-274-бб.]. Мисалы, тувалыктарда жылкыны жашына карата төмөнкүчө аташкан:

- кулунчак же чаш кулун (жаңы туулгандан чөп жей баштаганга чейин);
- кулун (1 жашка чейин, Чыгыш Тувада бул мезгилде «чаваа» деп аталган);
- богба (1 жаштан 2 жашка чейин);
- хунан аскыр (2 жаштан 2 жарым жашка чейин, эркек жаныбарды);
- хоочун хунан (2 жарым жаштан 3 жашка чейин);
- дөнен аскыр (3 жаштан 3 жарым жашка чейин).

Андан аркы жашы малдын тишине карай жана жашаган жылына карай аталган – сегиз тиштиг (ар бир жаагында сегизден тиш), пештиг же четишкен (5 жаш), алтылыг (6

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жаш), четилиг (7 жаш), сегизтиг (8 жаш), тогузтук (9 жаш), оннуг (10 жаш) ж.б.[19. 31 319-бб.]

Дал ушундай жылкыны жашына карай атоо кыргыздарда колдонулуп келет: кулун, жабак, тай, кунан, бышты, асый (1 асый, 2 асый ж.б.). Демек, терминологиясына көңүл бурсак төмөнкүдөй параллелдер келип чыгат: кулун (кыргызча)- кулун (тувалыктарда), кунан – хунан, жабак – чаваа, айгыр – аскыр, бээ-пе, ат – аүт.

Кыргыздар менен тувалыктардын уйду, кой жана эчки малын жашына карай атоосун салыштырып көрүп төмөнкүдөй параллелдерди жолуктура алабыз: музоо (кыргызча) – пызаа (тувалыктарда), кунан торпок – хунан буга, бука – буга, кунаажын – хунаажын, кой – хой, кочкор – кошкар, серке – серке, ирик, - ирт, кысыр – кызыр ж.б.[2. 25-38-бб.].

Ошондой эле мал чарбачылыкта колдонулган көптөгөн башка терминдерден да жалпылыктар жолугат. Мисалы, тувалыктар козуларды байлаган жипти «хөне» десе кыргыздарда «көгөн», кулун байланган жип тувалыктарда «челе», кыргыздарда «желе», жайкы кой «кыркым» мезгили – Тувада «хой кыргыр» деп аталат. Мындан сырткары кашаа (кырг.) – кажа (тув.), укурук - уурк, камчы – кымчы, тушак - тужак, кишен – кижен, кыштоо – кыштаг, жайлоо – чайлаг, жут – жут, жүгөн – чуген, чылбыр – чулар, ээр – ээер ж.б. [2. 22-38-бб.] окшош терминдерди атоого болот.

Ошентип, жогоруда каралып чыккан кыргыз-тува тарыхый-маданий, тарыхый-этникалык параллелдери, мал чарбачылыгын жүргүзүү жана ага байланышкан терминологиясындагы жалпылыктар бул эки элдин ортосундагы терең этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштарын аныктай алат.

## Адабияттар тизмеси


1. Бутанаев В.Я. История енисейских кыргызов. [Текст]/ В.Я.Бутанаев, Ю.С.Худяков. – Абакан: 2000.
2. Вайнштейн С.И. Историческая этнография тувинцев [Текст] / С.И.Вайнштейн. – М.: 1972.
3. Вайнштейн С.И. Тувинцы-тоджинцы. [Текст] С.И.Вайнштейн. – М.: Наука, 1961.
4. Грум-Гржимайло Г.Е. Киргизы [Текст] /* Г.Е. Грум-Гржимайло. – Л.: 1933.
5. Дулов В.И. Социально-экономическая история Тувы (XIX – нач. XX в) [Текст] / В.И. Дулов. – М.: 1956.
6. Дьяконова В.П. Материалы по одежде тувинцев [Текст] / В.П.Дьяконова // Труды тувинской комплексной комплексной, археолого-этнографической экспедиции. – М-Л.: Т. I. – 1960. – С. 241.
7. История Тувы [Текст]. – Новосибирск: Наука, 2001. - Т.I.
8. Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан [Текст] / О.К.Каратаев. – Б.: 2003.
9. Каратаев О.К. Уруулук эн тамгалардын этникалык тарыхты иликтөөдөгү ролу [Текст] / О.К.Каратаев // Вестник КГНУ. Общественные науки. – Б.: 1999. – 87-94-бб.
10. Каратаев О.К. Кыргыз-тува этномаданий байланыштары [Текст] / О.К.Каратаев, Б.С.Жалиева // Труды факультета истории и регионоведения. – Бишкек: Вып. X. –2002. – С. 96-103.
11. Киселев С.В. Древняя история Южной Сибири [Текст] / С.В.Киселев. – М.: 1951.
12. Кисель В.А. Тува в современном мире (взгляд стороннего наблюдателя) [Текст] / В.А.Кисель // Сибирь на рубеже тысячелетий. Традиционная культура в контексте современных экономических, социальных и этнических процессов. – СПб.: 2005. – С. 144.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

13. Кожобеков М. Түрк цивилизациясынын генезиси [Текст] / М.Кожобеков // Үчүнчү миң жылдыктын босогосунда түрк цивилизациясы. Эл аралык конгресстин материалдары. – Б.: 2003. – С. 32.
14. Кызласов Л.Р. История Тувы в средние века [Текст] / Л.Р.Кызласов. – М.: 1969.
15. Маннай-оол М.Х. Тувинцы. Происхождение и формирование этноса [Текст] / М.Х. Маннай-Оол. – Новосибирск: 2004.
16. Молдобаев И.Б. К проблеме изучения этнокультурных связей киргизского и тувинского народов [Текст] / И.Б. Молдобаев / /Проблемы истории Тувы. – Казань: 1984. – С. 207-215;
17. Молдобаев И.Б. Саян-Алтайга саякат (тарыхчынын күндөлүгүнөн) [Текст] / И.Б. Молдобаев //Ала-Тоо. – Ф.:1988. - №10. – 143-б.
18. Молдобаев И.Б. Этнокультурные связи кыргызов в средневековье. [Текст] / И.Б. Молдобаев. – Б.: 2003.
19. Потапов Л.П. Очерки народного быта тувинцев [Текст] / Л.П.Потапов. – М.: Наука, 1969. – С. 312-315.
20. Байбосунов А.А. До научные представления киргизов о природе [Текст] / А.А.Байбосунов. – Ф.: Мектеп, 1990.
21. Потапов Л.П. Полевые исследования Тувинской археолого-этнографической экспедиции [Текст] / Л.П.Потапов // ТТКАЭЭ. Т.II. – С. 8.
22. Сыдыков С. Табышмактуу Азия [Текст] / С. Сыдыков // Кыргыз маданияты. – 1992-ж. 9-январь. – 4-5-бб.;
23. Торгоев А.И. Этносоциальные процессы в южной и юговосточной Туве (по материалам экспедиций 2003-2004 гг.) [Текст] / А.И.Торгоев // Сибирь на рубеже тысячелетий. Традиционная культура в контексте современных экономических, социальных и этнических процессов. – СПб.: 2005. – С. 113.
24. Худяков Ю.С. Енисей кыргыздарынын тарыхы [Текст] / Ю.С.Худяков // Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. – Б.: Кыргызстан, 1993. – 214-б.
25. Чороев (Чоротегин) Т.К. Махмуд ибн Хусейн ал-Кашгаринин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги… т.и.д. илимий дар.алуу үчүн жаз.дисс. / Т.К. Чороев. – Б.: 1998.